«Каралды»

КИПКнин окуу-усулдук кеңешинин

2021-жылдын 2-февралындагы

№ 3-отурумунда.

ОУКнин төрайымы: Ч.А.Мадиярова

«Бекитилди»

КИПКнин Педагогикалык Кеңешинин

2021 -жылдын 10 февралдагы

№ 3 отурумунда.

Пед. Кеңештин төрайымы: Н.Муратова

# Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде күндүзгү окуу бөлүмдө окуган студенттердин окуу төлөмдөрүнө жеңилдик берүү жөнүндө Жобо

## I.Жалпы жобосу

Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде контракттык негизде адистерди даярдоо Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жаштар саясаты «Кыргыз Республикасындагы жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында окуган студенттердин окуу төлөмдөрүнө жеңилдик берүүнү бирдиктүү тартипке келтирүү жөнүндөгү» көрсөтмөсүнө КРнын 09.01.2005-жылдын №6 «Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө» жөнүндөгү Мыйзамына негизделип аныкталат.

Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинде студенттерди окутуу, жеке жана юридикалык жактар менен келишимдин негизинде контракттык түрдө орто кесиптик билим алууну каалаган Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк жарандар менен иш жүзүнө ашырылат.

Контракттык окутуунун баасы (профессордук-окутуучулардын жана башка кызматкерлердин эмгек акысы, окуу эмеректерин сатып алуу, окуу, окуу-усулдук, имараттын амортизациясына, отун, электр энергия ж.б. окуу процессине байланыштуу) чыныгы чыгашалардын эсеп-кысабы менен аныкталат.

Контракттык окутуунун баасы окуу жылынын башталышында бир жолу өлкөнүн экономикасындагы инфляциялык процесстерге байланыштуу кайра каралышы мүмкүн.

Жаңы окуу жылынын бир жолу социалдык колдоого муктаж студенттерге толук же жарым-жартылай жеңилдик берүү боюнча колледждин финансылык комиссиянын отурумунда карап, окуу жайдын директоруна сунушун берет. Жеңилдик күндүзгү бөлүмдүн студенттерине гана берилет.

Комиссиянын курамына төмөнкүлөр кирет: директордун орун басарларынын бири, структуралык бөлүмдөрдүн жетекчилери, кесиптик бирликтин курамынан 1 өкүлү, Педагогикалык Кеңештин мүчөлөрүнүн бири.

## II. Жеңилдик берүүнүн тартиби:

Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим, жаштар саясаты министрлиги тарабынан 2005-жылдын 27-октябрында №709 буйрук менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында окуган студенттердин окуу төлөмдөрүнө жеңилдик берүүнү бирдиктүү тартипке келтирүү жөнүндөгү сунушту»

жетекчиликке алып жана ушул Жобого ылайык жардамга муктаж студенттерден түшкөн арыздарды финансылык комиссияда карап, жеңилдик берүү же бербөө сунушун берет. Студенттерге жеңилдик берүү же бербөө Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин финансылык абалына жараша аныкталат.

Комиссия төмөнкү категориядагы күндүзгү бөлүмдө окуган студенттердин окуу төлөмдөрүнө толук же жарым-жартылай жеңилдик берүүгө сунуштайт.

- Томолой жетим же ата-энеден камкордуксуз калган студенттерге - 50%-100%га чейин;
- Ата-энесинин бири өтүп кеткен студенттерге – 50%га чейин;
- 1-2-3 топтогу майып студенттерге – 50%га чейин
- Кыргыз Республикасынын аймагында согуштук аракеттердин катышуучусу болгон студенттерге – 50%га чейин;
- «Эң жакшы» баага жетишкен жана илимий, коомдук иштерге активдүү катышкан, регионалдык, республикалык олимпиадалардын, конкурстардын жеңүүчүсү болгон студенттерге – 50%га чейин;
- Ата-энеси колледжде эмгектенген студенттер – 50% ке чейин.

Мындан сырткары колледж финансылык өзүнүн мүмкүнчүлүгүн карап, айрым студенттердин өзгөчө иш-аракеттерин, жетишкендиктерин жана сабактардан жетишүүсүн баалап, кошумча жеңилдик берилиши мүмкүн. Студенттерге жеңилдик бир окуу жылына берилет.

Жеңилдик алууну каалаган студент окуу жылынын башталышында директордун наамына арыз, ага кошо (ата-энесини өтүп кеткендигин, майыптыгын ж.б. себептерин ырастаган документтеринин көчүрмөсүн) тиркемеде берет.

Финансылык комиссия өзүнүн отурумунда карагандыгы жөнүндө протокол түзүп, директорго сунуштайт. Окуу төлөмдөрүнөн бошотуу директордун буйругу менен бекитилет.

## III. Социалдык жардам алуу үчүн керектелүүчү документтер:

- Томолой жетим же ата-энеден камкордуксуз калган студенттер төмөнкү документтерди беришет:
  - Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк;
  - Ата-энесинин өлгөндүгү жөнүндө күбөлүк;
  - Башка документтер (үй-бүлөсү жөнүндө справка, ата-энесинин кирешеси жөнүндө справка, камкордуксуз калган балдардын мыйзамдуу өкүлчүлүктүү ата-эненин кирешеси жөнүндө справка);
- 1-2-3 топтогу майып студенттер төмөнкү документтерди беришет:
  - Эмгекке жарамдуулугун жоготкондугу жөнүндө МСЭКтин корутундусу;
  - Пенсиялык күбөлүк;

Бардык документтер комиссияга түп нускада жана көчүрмөдө тапшырылат, түп нуска арыз берүүчүгө кайтарылып берилет, делодо тастыкталган көчүрмөсү калтырылат.

**Макулдашылды:**
Кесиптик бирликтин төрайымы:

***Кызыл-Кыя индустриалдык-педагогикалык колледжинин окуу-усулдук кеңеши***

ОКУУ БӨЛҮМҮ
УЧЕБНЫЙ ОТДЕЛ